**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.09.16.534.**

**Кол жазма укугунда**
УДК: 1.316.32 (575.2) (043.3)

**ХАЙБУЛИНА ФЛЮРА ДАМИРОВНА**

# Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун социомаданий өзгөчөлүктөрү

**09. 00. 11 – социалдык философия**

Философия илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын
**автореферата**

**Бишкек- 2016**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, профессор **Бугазов Анвар Хусаинович**

**Расмий оппоненттер:** философия, илимдеринин доктору, профессор **Амердинова Магира Мунаждиновна**

философия илимдеринин кандидаты, доцент **Кожобекова Айжаркын Шейшембековна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин философия кафедрасы. 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, тынчтык проспектиси 27.

Диссертациялык иш 2016 - жылдын «23» декабрында саат 12.00.дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.).

Автореферат 2016 жылдын «23» ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия**
**илимдеринин кандидаты** **Н.С. Акматова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Постсоветтик мейкиндиктеги жарандык коомдун пайда болуусунун жана калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн анализге алуу заманбап социалдык таанымдагы бирден-бир маанилуу маселелерден болуп эсептелет.

Бүгүнкү күнү биз көпчүлүк өлкөлөрдө коом жарандык активдүүлүктү көрсөтүү менен бийликти көп жылдар бою өз колунда кармап турган деспоттук диктаторлорду кулаткандыгын байкайбыз. Бирок тоталитаризмдин кулашы демократиялык түзүлүшкө автоматтык түрдө өтүп кетүүсүн түшүндүрбөйт. Аталган өлкөлөрдүн социалдык жашоосунда үстөмдүк кылган салттуу маданият, алардын тарыхый жана улуттук маданий тамырлары жаны саясий системалардын калыптануусуна олуттуу таасирин тийгизишет. Ар кыл социомаданий салттарды чагылдырган формалдуу жана формалдуу эмес социалдык институттар мамлекеттик түзүлүштө эле эмес, күнүмдүк жашоо-турмушта да кээде күтүүсүздөн түптөлүшөт. Андай өлкөлөрдүн катарына Кыргызстанды да таандык кылууга болот. Ошондуктан, биздин өлкөдөгү демократиянын түзүлүүсүнө жана өнүгүүсүнө багытталган иш-аракеттерге баа берүүдөгү акылдуу жана өзгөчө так ыкма кыйла манилүү болуп эсептелет. Бул социалдык мамилелердин туруктуу, укуктук өнүгүүсүнүн, ошондой эле кыргыз коомунун саясий реформалануусунун терендөөсүнүн зарылчылыгынан келип чыккан.

Өз кезегинде, демократиялык мамлекет өзүнүн социалдык-саясий таасири менен өлкөнүн калкынын негизги бөлүгүн камтыган жеткилен жарандык коомсуз толук кандуу функциялана албайт. Жеткилен жарандык карым-катнаштар жок же ал жаныдан эле пайда болуп келе жаткан жерде мамлекет өзүнө айласыздан жарандык коомду жүзөгө ашырууга милдеттендирилген манилүү социалдаштыруучу функцияларды аткарууну алат. Натыйжасында мамлекеттик башкаруу авторитардык, диктатордук же тоталитардык мүнөзгө ээ болуп, ал эми мамлекеттин өзү болсо укуктун чөйрөсүнөн тышкары калат. Жарандык коом өзүн укуктук мамлекетке карама-каршы коюуга аракет кылган учурда бардык социалдык конструкциялар да кыйроого учурайт. Жарандык коом менен мамлекетти бир ажырагыс бүтүндүкө бириктирүүчү социум бардык эле коомдук организм үчүн кейиштүү болгон дезинтеграциялык процесстердин бийлигинде калат.

Теманын актуалдуулугу катары жарандык коомдун калыптануусу жалпы социалдык организмдин өнүгүүсүнүн ары олуттуу фактору болуп эсептелерин баса көрсөтүүгө болот. Бул жердеги пайда болгон маселелердин бүткүл комплексин түшүнүү коомдук системанын трансформациялануусунун мүмкүнчүлүктөрүн, өздүк жаңылануга жана өнүгүүгө болгон

жөндөмдүүлүктөрүн түшүндүрөт. Кыргызстандагы ушундай маселелерди чечүү өзгөчө мааниге ээ. Өлкө жаны мамлекеттүүлүктүн калыптануусу жана толук кандуу жарандык коомдун – социалдык жана саясий процесстердин негизги субъектилеринин пайда болуусу көпчүлүк жагынан алардын ийгиликтүү функцияланууусунан жана бирдиктүү иш-аракеттеринен көз каранды болгон баскычта турат.

Кыргызстан толук кандуу демократиялык коомду куруу жолунда кыйла эле алдыга кетти. Коомдук бирикмелердин мамлекеттик органдар менен болгон бирдиктүү иш-аракеттери бул жерде терен жана максаттуу мүнөзгө ээ. Бирок милдеттердин көпчүлүгү дагы деле болсо өзүнүн акыркы чечиминен алыс турат. Ошондуктан, кыргыз коомундагы демократиялык институттардын калыптануусунун социомаданий өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүнүн актуалдуулугу анын теоретикалык аспектилерин чечүү зарылчылыгы менен эле эмес, практикалык мүнөздөгү талаптар – Кыргызстандын коомдук жашоосунун бардык тараптарын демократиялаштырыуусу менен да аныкталат.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы**. Диссертациялык иштин темасы КРнын УИАнын тармактык программасына жана философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун тематикалык планына кирет.

Тилекке каршы, Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүүсүнүн социомаданий өзгөчөлүктөрүн жана келечегин түшүнүү менен байланышкан маселелер дагы деле изилдене элек. Аталган чөйрөдөгү изилдөөлөр жаны гана олуттуу жана фундаменталдуу мүнөзгө ээ болуп келе жатат.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнун **объектиси** катары Кыргызстандагы демократиялык институттардын түзүлүүсүнүн жыйындуу социомаданий тажрыйбасын эсептөөгө болот, анда көпчүлүк постсоветтик өлкөлөр, евразиялык типтеги жарандык коом үчүн келечектүү болгон негиздер түптөлөт. Изилдөөнүн **предмети** катары Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун улуттук, социалдык-психологиялык, социалдык-саясий жана маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрү кызмат кылат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдоонун **максаты** болуп жарандык коомдун калыптануусунун теоретикалык-методологиялык жана социомаданий аспектилерине, Кыргызстандагы анын өнүгүүсүнүн салттарына жана келечектерине анализ жүргүзүү эсептелет. Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

-жарандык коом менен мамлекеттик институттардын бирдиктүү иш-аракеттерине илимий мүнөздөмө берүү, Кыргызстандын мисалында аталган өз ара карым-катнаштардын социомаданий негиздерин аныктоо;

- Кыргызстанга карата жарандык коомдун негизги институттарынын калыптануусундагы улуттук-тарыхый жана социомаданий өзгөчөлүктөрдүн маанисин ачып берүү;

-коом менен мамлекеттин өз ара карым-катнаш процессинин менталдык жана укуктук мүнөздөмөлөрүн жалпылоо;

-Кыргызстандагы жарандык коомдун функцияларынын, түзүмдөрүнүн жана атрибуттарынын социомаданий өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- жарандык коомдун калыптануусунун фактору катары мамлекеттик институттардын социалдык-саясий багыттуулугунун табиятын бекитүү;

-Кыргызстандын мисалында жарандык коомдун евразиялык тибинин спецификалык чектерин анализге алуу жана аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун реалдуу өнүккөн процессисинин социомаданий өзгөчөлүктөрүн анализге алуу маселесинин өзүн кабыргасынан коюу менен байланышкан.

Илимий жанылыктын конкреттүү элементтери төмөндөгүлөрдө турат:

-Кыргызстандагы калыптанган жарандык коомдун манызын, анын тарыхый жана социомаданий тажрыйбасы менен аныкталуучу аталган процесстин өзгөчөлүктөрүн ачып берүү аракет көрүлгөн;

-жарандык коомдун евразиялык тиби жеке менчике коомдук маанилүү мүнөз берип,Кыргызстан үчүн кыйла активдүү болуп эсептелген социумдун жамааттык түзүлүшүнүн көрүнүшүнүн формасы катары аныкталды;

-алкагында алардын приоритеттеринин системасы трансформацияланган заманбап кыргыз саясий реалдуулугунда инсандын, мамлекеттин жана укуктун карым-катнаштарынын жаны парадигмасы калыптанат деген жобо негизделди;

-Кыргызстандагы салттуу психологиянын үстөмдүк кылуу шарттарындагы жарандык коомдун калыптануусунун жүрүшүндөгү социалдык тен салмактуулукту камсыз кылуусундагы социалдык-укуктук көзөмөлдүн ролу ачылып берилди;

-Кыргызстандагы жарандык коом институттарынын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү алардын кыргыздардын жашоо ишмердүүлүгүнүн улуттук-тарыхый жана социомаданий шарттарынын ылайык келүүсү менен аныкталат.

**Изилдөөнүн алынган жыйынтыктарынын практикалык мааниси** изилдөөнүн материалдары жарандык коомдун калыптануу маселелери боюнча атайын курстарды даярдоодо, саясат таануу, социалдык философия жана о.э. укук, мамлекет маселелери боюнча ЖОЖдо лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө колдонулуусунда турат. Изилдөөнүн

жыйынтыктары Кыргызстандагы коомду андан ары демократиялаштырууга жана жакындаштырууга багытталган саясий-укуктук актыларды иштеп чыгуу процессинде колдонулушу ыктымал.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Кыргызстандагы жарандык коомду түзүү тажрыйбасы саясий ишмердүүлүктүн чектерин, мамлекеттин ролун социалдык байланыштардын, карым-катнаштардын, институттардын жана өз алдынча, катаал авторитардык формада саясий көзөмөлсүз жашоого жөндөмдүү надстройкалар катары ачык көрсөтүүгө шарт түзөт.

2. Жарандык коом мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн демократиялык мүнөзүн камсыз кылууга милдеттендирилген. Саясий коом социалдык катаклизмдерди болтурбоо үчүн өзүнүн бийликтик ыйгарым укуктарын колдонот. Демек, социалдык башкаруу эгерде коом жарандык-саясий мүнөзгө ээ болсо, б.а. өзүндө тен бирдей денгээлде атуул жана саясий коомдун мүчөсү катары адамдын муктаждыктары менен кызыкчылыктарын айкалыштырса, ал кыйла эффективдүү болот.

3. Жарандык коомдун өнүгүүсү анын функциялануусу үчүн жагымдуу мамлекеттик-укуктук шарттардын болуусун боолголойт. Ошону менен бирге жарандык коомдун институттары өлкөнүн саясий эле эмес, социомаданий өзгөчөлүктөрү менен да айкалышуусу зарыл. Аталган кырдаал менен жарандык коомдун мазмунун түзүп, элементтердин бирдиктүү иш-аракеттери жүргөн коомдун уюмдашуусунун эффективдүүлүгү, коомдук карым-катнаштардын бардык жыйындысын рационалдык регламенттештирүү жөндөмдүүлүгү менен аныкталат.

4. Заманбап кыргыз коомунда болуп жаткан түзүмдүк кайра түзүүлөрдүн процессинде мамлекеттик социалдык-укуктук көзөмөлдүн мааниси социалдык туруктуулуктун фактору катары төмөндөбөйт, тескерисинче, жогорулайт. Социалдык-укуктук көзөмөл жарандык коомдун бүтүндүгүн жана уюшулуусун колдоону, демократиялык коомдун калыптануусунда пайда болгон карама-каршылыктарды жана чыр-чатактарды чечүүнү жөнгө салат. Бардык эле социалдык-укуктук көзөмөлдүн начарлоосу андагы деструктивдик процесстердин пайда болуусуна алып келет. Бирок көзөмөлдүн ар кыл түрлөрүн оптимизациялоону бийлик органдарын «күчөтүү» жана «катаалдаштыруу» маанисинде түшүнүүгө болбойт. Бул өзүндө жарандык коомдун институттарынын эффективдүүлүгүн жана жоопкерчиликтүүлүгүн салттуулук психологиясы дагы эле үстөмдүк кылуучу өлкөдөгү анын укуктук негиздерин бекемдөөсү менен жогорулатууну айкалыштырат.

5. Жарандык коомдун калыптануусу жалпы эле коомдун өнүгүүсүнүн тарыхый жана улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Кыргызстандын шарттарында жарандык коомдун пайда болуусу аталган милдеттин экономикалык, укуктук, саясий аспектилерин чечүү менен катар ылайыктуу социалдык-психологиялык абалдын калыптануусун – жаны стандарттарды, саясий маданияттын нормаларын жана коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн саясий уюмдашуусун бекитүүнү шарттаган социалдык көрсөтмөлөрдүн, стереотиптердин, ынанымдардын, нормалар менен баалуулуктардын болуусун божомолдойт.

6. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында узак мезгилдер бою баш ийүүдөн эркин болгон жамааттык карым-катнаштар сакталып калган. Феодализм басып алуучулар тарабынан кошумчаланган, ал эми капиталистик карым-катнаштар Кыргызстандын Россия империясынын курамына кирүүсү менен пайда боло баштаган. Ошондуктан Кыргызстанда жамааттык уруулук карым-катнаштардан жарандык коомдун жамааттык тибине түздөн-түз өтүүсү толук мүмкүн болгон. Социалистик түзүлүштүн тоталитардык чыгымдары уруулук карым-катнаштардын негиздерин жогото алган жок. Ошентип, жарандык коомдун жамааттык тиби заманбап Кыргызстан үчүн толук реалдуу келечеги бойдон кала берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Диссертациянын жарык көргөн бардык эмгектери, коргоого сунушталуучу жоболору, жеке автор тарабынан аткарылды жана иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан эл аралык жана теоретикалык-практикалык илимий конференцияларда апробацияланган. Алар: Эл аралык илимий-практикалык конференция «Классическое университетское образование», (Бишкек, КРСУ, 24-25декабря 2009 г.); илимий конференция «Центральная Азия: вчера, сегодня, завтра» (Бишкек, 2001 г.); Эл аралык регионалдык форум «Культурное пространство Центральной Азии: единство в многообразии». (Душанбе, 28-29 ноября 2009г.); Тегерек стол «Гуманитарная составляющая – основа евразийской интеграции» (Бишкек, КРСУ, 25 марта 2013); Эл аралык илимий-практикалык конференция «СМИ и власть: свобода слова. Проблемы взаимной ответственности», (Москва-Бишкек, КРСУ, 31 января 2013г.); Илимий-практикалык конференция «Центральная Азия в исследованиях XIX-XXI вв.», посвященная 175-летию со дня рождения Н.М. Пржевальского. Бишкек - Каракол, КРСУ, НАН КР, ИГУ (10 – 12 апреля 2014г.) ж.б.у.с.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы**. Диссертациянын негизги жоболору, корутундулары жана натыйжалары КР ЖАКтын сунуш кылынып жарык кърг ън 12 илимий басылмаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин структурасы изилдөөнүн максаты менен милдеттерин толук чагылдырат

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен объектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Социалдык-саясий ойломдун тарыхындагы жарандык коом идеясын изилдөөдөгү типология жана ыкмалардын көп түрдүүлүгү»** аттуу диссертациянын биринчи бапында жарандык коомдун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн, анын негизги элементтеринин ар кыл тарыхый концепциялары, евразиялык типтеги жарандык коомдун социалдык-экономикалык жана калыптануусунун саясий шарттары талдоого алынат.

Биринчи баптын **«Социалдык-саясий ойломдун тарыхындагы жарандык коом идеясынын өнүгүүсү»** деген биринчи параграфында жарандык коомду түзүү туурасындагы биринчи ой жүгүртүүлөрдү антикалык ойчулдардан табууга болот, алар коомдук турмуштун идеалдуу уюмдашуу максатын индивидуалдуу даанышмандык менен коомдук акыйкаттуулуктун макулдашуусунан көрүшкөндүгү туурасында айтылат. Чыгыштын саясий ойломунда өзүнө коомду жана анын кээ бир элементтерин түздөн-түз зордук-зомбулук же мыйзам формасында баш ийдирген мамлекеттин абсолюттуу ролу жөнүндөгү элестоо басымдуулук кылган. Аталган контексте жарандык коомдун институттарынын ыктымалдуу көрүнүштөрү каралган.

Диссертацияда көптөгөн евразиялык мамлекеттер деспоттук башкаруу этаптарын өткөндүгү баса белгиленет. Ал тургай Агарттунун теоретиктери мамлекеттин абсолюттуу эркин коомдук өнүгүүнүн жогорку баскычы жана анын материалдык, рухий өсүүсүнүн шарты катары карашкан. Аристотель тарабынан сунуш кылынган «koinonia politike» (саясий коом) термини бирдей деңгээлде жарандык коомго жана мамлекетке таандык боло алган. Либерализм идеясынын бекитилүүсү менен (Дж.Локк, Ш.Монтескье)

биринчи планга мамлекеттин ролун чектөөчү жана коомдун эгемендүүлүк принцибин жарыялаган доктриналар чыгарылган. Ошентип, мамлекет менен бирдиктүү иш-аракетте болгон жарандык коом идеясы пайда болот, анын максаты – бул мыйзамдуулук режиминин жардамы менен жарандык кызыкчылыктарды камсыз кылуу.

Аталган идея кыйла өз ирееги менен коомдук келишим теориясында камтылып, мамлекет элдин эгемендүүлүгүн жана жарандардын жалпы эркке баш ийүү фактылык тендигин жүзөгө ашыруучу коомдун тарыхый зарыл абалы катары чечмеленет. Жарандык коом аталган контексте инсандын эгемендүүлүгүн жана индивидуалдуу менчигин камсыз кылууга милдеттендирилген (Ж.Ж.Руссо). Мындай элестөөлөр жарандык коомдун батыш европалык, өзгөчө либералдык концепциялары үчүн аныктоочусу катары болуп калган. Негизинен, ал өзүнүн кызыкчылыктары менен башкарылган, башкалардын мыйзамдары жана кызыкчылыктары менен гармонияда турган деспотизмден эркин болгон адамдардын коому катары түшүндүрүлгөн (И.Кант).

Параграфта белгиленгендей, көрүнүштү түшүндүрүп, мамлекеттүүлүктөн айырмаланган «жарандык коом» термини Г.В.Ф.Гегелдин философиясы менен биргеликте толугу менен коомдук ойломго кирди. Коомдун уруулук, үй-бүлөлүк түзүлүшүн четке кагуусу болуп эсептелүү менен мамлекет, философтун ой-пикири боюнча жаңы сапатта-жарандык коомдо пайда болуп, өзүнө кайрадан иштелип чыккан түрүндөгү коомдук организмдин уруулук, жарандык абалдарын камтып турган. Ошентип, Г.В.Ф.Гегель коомду, анын ичинде индивиддердин жыйындысы катары жарандык коомду түшүнүүнү да четке кагат. Ал үчүн бул өнүгүү процессинде өз сапатын алмаштырган коомдук байланыштардын белгилүү бир абалы.

«Жарандык коомдун» этатистик чечмелениши XIX к. саясий жашоонун негизи - коом, мамлекет эмес, инсандын индивидуалдуу эркиндиги жана укугу (Б.Констан), ал эми адамзаттын өнүгүүсүнүн максаты – индивидуалдык жана коомдук аракеттердин (И.Бентам) гармониялашуусу деп эсептешкен либерализмдин идеологдору тарабынан четке кагылган. Аталган концепциялар дагы диссертациялык изилдөөнүн предмети болуп калды.

Коом менен социалдык мамлекеттин бирдиктүү иш-аракеттери тууралсындагы маселе эгалитардык социалистик доктриналардын жактоочуларынын либералдарына карама-каршы тургандардын көңүл борборунда болгон. Диссертациялык изилдөөнүн предмети болуп, ошентип, Т.Мор менен Т.Кампанелланын биринчи коммунистик доктриналары болуп

калган[1]. Эки ойчул тен жеке менчикти жоюуга үндөшкөн; реалдуу пайда болгон мамлекеттин тен салмагында алар ойлоп тапкан коомдун кызыл сүрөтүн - социалдык акыйкаттуулукту тартышкан. Ошондуктан коомдук түзүлүштүн аталган варианты эркин жана көз карандысыз адамдардын коому катары жарандык коом идеясынан кыйла алыс болгон.

Параграфта белгиленгендей, жарандык коом маселесин иштеп чыгууда башкы роль либерализмдин теоретиктерине таандык болгон, социализмдин идеологдорунун анын теориясынын иштелип чыгуусуна кошкон салымы, эреже катары, четке кагылган. Бирок К.Маркс менен Ф.Энгельс өзүлөрү буржуазия менен жаралган жарандык коомдун маанисин этибарларына алышкан эмес. Марксизмдин негиз салуучулары божомолдошкондой, коомдук-экономикалык формация туурасындагы окуну иштеп чыгуу менен жарандык коомду өз алдынча социалдык-экономикалык категория катары бөлүп көрсөтүү зарылчылыгы кийинкиге калтырылат. Жеткилен социалистик коом - коммунизм - алар тарабынан жарандык коом эмес, жеке эмес, менчиктин коомдук формасында негизделген принципиалдуу жаны типтеги коомдук-экономикалык формация катары кабыл алынган. В.И.Ленин дагы жарандык коомду эн жалпы тендиктеги коомго орун бошотуп берүүгө милдеткер болгон паллиатив иретинде караган.

Параграфта «мамлекеттик социализм» доктринасы (Л.Блан, Ф.Лассаль), «демократиялык» жана «этикалык» социализм теориялары да каралган, алардын (Э.Бернштейн) жолун жолдоочулар акыйкаттуу коомго барган жолду адамзаттын адеп-ахлактык эволюциясында көргөн. Анархизм (М.Бакунин, П.Кропоткин) менен социализмдин (Т.Дезами, Л.О.Бланки, В.Вейтлинг, С.Нечаев) радикалдык багыттарына олуттуу көнүл бурулуп, коомду революциялык төнкөрүш, коом менен бийликти бириктирүүгө далалат кылышкан орус славянофилдеринин консервативдик-утопиялык идеялары аркылуу зордук-зомбулуктук кайра түзүү идеясын билдиришкен.

Ошону менен бирге теоретикалык чечмелеништерге көз каранды болбостон ар кыл өлкөлөрдөгү жарандык коом өз мүмкүнчүлүктөрүн улам ачып берип, акырындык менен жашоонун саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүндө орногон. Гуманизм идеясына негизделүү менен ал акыркы жылдардагы көптөгөн демократиялык басып алуулардын негизи болуп эсептелген. Ошондуктан аталган бөлүмдөгү изилдөөнүн предмети болуп жарандык коом теориясынын өнүгүүсүндөгү негизги тенденцияларды чагылдырган марксистик эмес концепциялар эсептелди. Анын ичинде,

[1] Эгалитардык салтты Д.Уинстэнли, Ж.Мелье, Л.Дешан, Г.Мабли улантышкан. Адамзатты эзүүдөн жана кыйноодон куткарууга жөндөмдүү болгон коомду түзүүнүн ары кенири программалары улуу социалист-утопистер А.Сен-Симон, Ш.Фурье жана Р.Оуэн тарабынан иштелип чыккан.

«уруулук карым-катнаштар» теориясынын өкүлдөрү (Т.Карлейль) адамдардын социалдык монолитке гармониялуу кошулуусу үчүн чыгышкан, ага ылайык христиандык сүйүү бардык жарандарды бир үй-бүлөгө, трансценденталдык мектеп идеясына бириктирүүсү зарыл (Р.Эмерсон и Г.Торо).

XX к. башында капитализм системалык кризисти башынан өткөргөндө, коомдун белгилүү бир бөлүгүнүн арасында реакциялык утопиялар, анын ичинде жарандык коомдун демонтажын жана аны тоталитардык түзүлүш менен алмаштырууну божомолдогон фашизм да жайылууга ээ болду. Калыбы, аталган кырдаал, өзгөчө Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери баарынан мурда, индивиддин эркиндигин камсыз кылуу механизми катары аныктала баштаган. Ушуга байланыштуу, иште адамдын укугун коргоо функциясы демократиялык мамлекетти аныктоочуга айланды, анын натыйжасында мамлекет менен жарандык коомду социалдык антагонистер катары карама-каршы коюунун өзү маанисиз болуп калды. Алардын карама-каршылыгы бирдиктүү иш-аракеттин принциптерин жана механизмдерин бирге иштеп чыгуусуна, коомдук кызыкчылыктарды макулдашууга (К.Поппер, А.Арато) орун бошотуп берди.

Бирок бүгүнкү күнү да элдин эгемендүүлүгүн толугу менен жүзөгө ашырган толук кандуу жарандык коом түзүлдү деп айтуу кыйын.

**Биринчи баптын «Евразиялык саясий философиядагы жарандык коомдун альтернативдик долбоорлору»** аттуу экинчи параграфында «жарандык коом» түшүнүгүнүн сапаттуу мүнөздөмүөсү жана анын евразиялык окумуштуулардын социалдык-саясий изилдөөлөрүндөгү чечмеленүү ыкмаларынын көп түрдүүлүгү каралат.

Анын ичинде заманбап евразиялык[1] илимий адабиятта евразиялык мейкиндикте калыптанган жарандык коомдун манызынын, анын түзүлүшүнүн жана бекемделүүсүнүн жолдорунун, ыкмаларынын ар кыл, кээде карама-каршы чечмеленүүлүрө бар экендиги белгиленет. Аларды шарттуу түрдө үч негизги концепциялар түрүндө системалаштырууга болот: либералдык-рационалистик, консервативдик салттуулук жана жамааттык-социалистик.

Параграфта айтылгандай, ар кыл социалдык-саясий доктриналарды карманышкан эки өлкөнүн саясат таануучулары жарандык коомдун спецификасынын манызына болгон карама-каршылык көз караштарын айтышкан. Бирөөлөрү аны мамлекет тарабынан көзөмөлгө алынбаган (же

[1] «Евразиялык» деп иште Борбордук Азиянын, Россиянын жана алардын чек араларына жакын мамлекеттердин аймактарын камтыган социомаданий мейкиндик түшүндүрүлөт.

деэрлик көзөмөлдөнбөгөн) рыноктук жана жеке жашоонун башка формаларынын системасы катары чечмелешет. Башкалары болсо жарандык коом менен эл аралык коомчулук менен таанылган адамдын укугуна жана эркиндигине кепилдик берген индивидуалдуу эркиндикти жарыялашат. /чүнчүлөрү (ортодоксалдык маанайдагы солдор) жарандык коом менен мамлекетти бөлүштүрүүгө жана карама-каршы коюуга терс таасирин тийгизишип, мындай ыкма мамлекеттин, бийликтин таптык мүнөзүн карангылат деп божомолдошот. Төртүнчүлөрү (социал-демократтар) жарандык коомдо «катышуучу демократияны», б.а. элдик бийликтин синонимии катары кызмат кылуучу парламенттик демократияны көрүүгө жакын болушат. Бешинчилери (артыкчылыгы боюнча, неолибералдар) жарандык коомду тоталитаризмге карама-каршы болгон «ачык коом» менен окшоштурушкан.

Мындай баа берүүлөрдүн көп түрдүүлүгү - коомдук илимде жарандык коомдун жеткилендик критерийлери тууралсындагы маселенин так эместигинин натыйжасы. Мындай критерий катары көпчүлүк учурларда жарандын өз алдынча жана укуктар менен эркиндиктердин белгилүү бир копмплексине ээ болгон, ошол эле мезгилде коомдун алдында өз иш-аракеттери үчүн моралдык же башка жоопкерчиликти алып жүргөн индивид катары андап билүүсү каралат. Мунун негизинде, адабиятта жарандык ассоциацияларга, союздарга өзүнүн материалдык, рухий кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын канаттандыруу үчүн эркин, өз каалоосу менен бириккен жарандык коомго индивиддердин экономикалык, адеп-ахлактын, диний ж.б. карым-катнаштарынын системасы катары аныктама берилет[1].

Иште баса белгиленгендей, мындай аныктамада мамлекетке карата жарандык коомдун кызыкчылыктары менен автономдуулугунун коомдук маанисине болгон көрсөтмө жок. Мамлекеттик бийликте биринчи планга ачык, ал эми жарандык коомдо - жеке карым-катнаштар чыгышат. Акыркылары ачыктан көз карандысыз өнүгүшөт. Эгерде алар бири-бирине баш ийишсе, анда тоталитардык коом пайда болот, качан жеке карым-катнаштар ачык карым-катнаштар тарабынан басылып, башкарылса же ачык бийлик жеке карым-катнаштардын өнүгүүсүнө түйшүктү жараткан анархия. Мисалы, көчө кыймылынын эрежелери түрүндөгү эркиндикти чектөө туура эмес деп эсептешкен индивиддер да кездешет. Андай учурларда ачык жана жеке карым-катнаштарды жарандык коом гана гармониялаштырып, тен салмактайт.

---

[1] Становление гражданского общества в России (Правовой аспект) // Под ред. Цыбулевской О.И. Саратов. 2000. 14-б.].

Жүргүзүлгөн анализдин негизинде параграфта жарандык коомдун аныктамасы коом тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды аткаруунун жана бекитилген салттардын жалпы рухийлигинде негизделген экономикалык же административдик мажбурлоо аркылуу эмес, өз каалоосу менен аныкталуучу экономикалык өздүк жетиштүүлүктү, жарандардын саясий эгемендүүлүгүн жана алардын өз ара байланыштарын билдирген туруктуу социалдык системанын сапаттуу мүнөздөмөсү иретинде сунушталат.

Жарандык коомду пайда кылышкан жеке карым-катнаштар өз таасирине ачык бийликти да баш ийдирген демократиялык институттардын негизин жана механизмдерин түзүшөт. Жарандык коом демократиялык болбой калышы мүмкүн эмес, ал эми аны менен бирдиктүү иш-аракетте болууга милдеттендирилген укуктук мамлекет анын негизинде өзүнүн ырааттуу демократизмин кабыл алып, бекемдейт.

Демократияны чектөө же аны бурмалоо - аталган бөлүмдө айтылгандай, коомдук жана мамлекеттик түзүмдөрдө бирдей чагылдырылат. Тоталитаризм, евразиялык саясий илим эсептегендей, бул коомдук карым-катнаштарга болгон жалпы мамлекеттик көзөмөл. СССРдеги мындай көзөмөл калыптанган жарандык коомдун мамлекетке баш ийүүсүнө алып келген. Чындыгында, эске ала кетүүчү нерсе, биринчиден, мамлекеттин өзү кээ бир демократиялык чектерди сактап калды, экинчиден, тоталитаризм жарандык коомдун ячейкаларынын бардыгын кучагына камтыган эмес. Ошондуктан анын өсүүсү улана бергени менен, чектелүү жана деформацияланган түрүндө болгон.

Жарандык коомдун функцияларын түшүнүүгө болгон евразиялык изилдөөчүлөрдүн ар кыл көз караштарын салыштыруунун жана баа берүүнүн натыйжасында иште азыркы мезгилдеги жарандык коомдун спецификалык функциялары болуп укуктук мамлекеттин калыптануусуна көмөк көрсөтүү, чыр-чатакташуучу социалдык топтордун карым-катнаштарындагы балансты сактоо, коомдук консенсуска жетүү, жарандардын мамлекеттик түзүмдөргө каршы туруу кырдаалдарындагы укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу, мамлекет жана анын институттары менен байланышпаган коомдук жашоонун чөйрөлөрүнүн өнүгүүсү эсептелеери баса белгиленет.

Параграфтагы жарандык коомдун түзүмү тууросындагы маселени кароодо ал Батыш Европадагы реалдуу пайда болгон коомго карата колдонулууда толук ачылып берилген. Акыркысы өзүнө ролу экинчи орунда турган вертикалдык, иеархиялык көз карандылыктар менен эле эмес, горизонталдык-тармактык карым-катнаштар менен да байланышкан кызыкчылыктары боюнча (кесиптик, чыгармачылык, маданий, саясий

ж.б.у.с.) бирикмелердин, ассоциациялардын, союздардын жыйындысын камтып турат.

Биринчи баптын **«Евразиялык типтеги жарандык коомдун калыптануусунун социалдык-экономикалык жана саясий шарттары»** деген үчүнчү параграфында өлкөдөгү экономикалык жана социалдык-саясий кырдаалдын контекстинде Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүүсү каралат.

Параграфта баса белгиленгендей, экономикадагы, саясаттагы, кыргыз коомунун жашоосунун башка чөйрөлөрүндөгү өзгөрүүлөр жолу узакка созулуп, оор болот жана жакынкы жылдары өнүгүүнүн жогорку ыргактарын жана кандайдыр-бир олуттуу өзгөрүүлөрдү күтүүгө болобу.

Өлкөнүн экономикалык институттарынын ишмердүүлүгү азырынча өзүнүн негизги милдеттерин – салттуу коом үчүн мүнөздүү болгон социалдык жашоонун аныксыздыгын төмөндөтүүнү аткара алышпайт. Алдын ала айтууга болгон социалдык чөйрөнү түзүп, материалдык ресурстарды кыйла эффективдүү жана максаттуу пайдаланууну жөнгө салуу абзел.

Тилекке каршы, бүгүнкү күнү Кыргызстанда эмгектин баалуулугу адамдын жашоосунун зарыл шарттары, кирешенин булагы катары дароо төмөндөдү. Акыл-эстик жана физикалык чыналуу, эффективдүү эмгектин зарыл шарттарын камтып турган дисциплина да жаштардын ан-сезиминдеги негизги баалуулуктардан болуп эсептелишпейт. Жогорудагы факторлор сакталган патриархалдык салттар менен айкалышуусунда жарандык коомдун калыптануусуна тоскоолдук жарат.

Кыргыз коому бүгүн – өзүнүн басымдуу бөлүгүндө айыл үчүн мүнөздүү болгон ойлому, дүйнө көз карашы бар айылдык жашоочулар. Орто статистикалык кыргыз – бул байыркы жана эн сонун салттарга ээ болгон, дыйканчылык маданияттын продуктусу, бирок андан заманбап маалыматтык коомго таандык дүйнө көз карашты күтүүгө болбойт. Кыргыздардын арасындагы урбанизация процесси баштапкы баскычында турат, ал эми укуктук жана саясий маданият алардын заманбап түшүнүгүндө жаныдан гана калыптанып келе жатат. Азырынча шаар менен айылдын ортосунда экономикалык эле эмес, рухий чөйрөсүндө дагы терен жана олуттуу айырмачылыктар сакталып калууда.

Көптөгөн маселелердин ичинен параграфта Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануу жолундагы негизги тоскоолдуктар көрсөтүлдү:

-коомдун катмарга бөлүнүүсү, социалдык ачык контрастардын болуусу, мүлктүк жана аймактык белгилери боюнча оолактоо;

-жарандык түзүмдөрдүн системалуулугунун жоктугу, жарандар менен

бирикмелердин начар укуктук корголуусу;

- ортонку тап менен берилген социалдык негиздин чабалдыгы;

-интегративдик, бириктирүүчү маданий баалуулуктардын жоктугу (бийлике ишеним, тилектештик, ынтымактык, социалдык жоопкерчилик, жашоого, кадыр-баркка, инсандын эркиндигине ж.б. болгон сый-урмат);

-так белгиленген жарандык өнүттүн жоктугу, уруулук байланыштардын жана акчанын жардамы аркылуу өлкөдөгү көптөгөн социалдык-саясий маселелер чечилет;

-жарандык коомдун уюмдарынын бийлик түзүмдөрүнө болгон чабал жана эффективдүү эмес таасири.

Бөлүмдө белгиленгендей, заманбап кыргыз коому азырынча жарандык боло элек, бирок массанын ан-сезиминдеги анын идеясы XIX кылымдын аягында эле белгиленген. Биздин өлкөдөгү жарандык коомдун идеалдары өзүнүн өзгөчө жана спецификалык жолу менен өнүккөн. Спецификасы Кыргызстандагы социалдык акыйкаттуулука жана тартипке жетиүү салттуу түрдө күчтүү кандаш уруулук кландын болуусу менен байланышкан.

Биздин мамлекеттин өнүгүүсүнүн көп жылдык тажрыйбасы, анын татаал улуттук, ресурстук, аймактык спецификасы көрсөтүп тургандай күчтүү борборлоштурулган бийликтин мезгилдеринде өнүгүү кыйла эффективдүү болгон. Ошондуктан көп улуттуу Кыргызстан үчүн жарандык коомдун түзүлүүсүнүн моделдерин иштеп чыгууда аныктоочулары катары социомаданий жана этномаданий чөйрөлөрдөгү өзгөрүүлөр болуу зарылдыгы абдан маанилүү. Улуттук менталдуулуктун эсеби жана улуттук ан-сезимде үстөмдүк кылуучу рухийлүүлүк, нравалуулук, этникалык аралык толеранттуулука жана жарандуулука таянуу зарыл.

Идеалдагы мамлекет жарандык, укуктук жана социалдык болуусу абзел. Аталган процесстин калыптануусуна кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жалпы эволюциясы, экономикалык карым-катнаштардын өнүгүүсү, коммуникациялардын жаны формалары, мультимедиа ж.б.у.с. таасирин тийгизишет.

**«Жарандык коомдун евразиялык тиби жана Кыргызстандагы анын жүзөгө ашырылуу пратикасы»** аттуу экинчи бапта Кыргызстандагы жарандык коомдун пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн улуттук-тарыхый, теоретикалык жана социомаданий шарттары каралат.

Экинчи баптын **«Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун улуттук-тарыхый жана социалдык-психологиялык өбөлгөлөрү»** аттуу биринчи параграфында жарандык коом өзүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында, качан анын нормалдуу функциялануусу үчүн зарыл болгон экономикалык, социалдык-саясий жана рухий өбөлгөлөр

бышып жетилген кезде гана пайда болот. Өлкөдөгү жарандык коомду белгилүү бир экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүнүн баскычтарын басып өтпөстөн куруу мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу «тигил же бул өлкөнүн улуттук-тарыхый, маданий өзгөчөлүктөрү жарандык коомдун калыптануу процесси менен кандай образда жана денгээлде айкалышуусу ыктымал?» Белгилүү болгондой, мисалы, жарандык коомдун көз карашында адамдар, баарынан мурда экономикалык жана саясий чөйрөлөрдүн ортосундагы карым-катнаштар андагы иш алып баруучу укуктук нормалар менен тескелет. Кыргызстандагы мындай карым-катнаштардын олуттуу бөлүгү кээде республикадагы мыйзамдуулука карама-каршы келген каада-салттар жана үрп-адаттар менен менен тескелет. Демек, бөлүмдө белгиленгендей, өткөн менен азыркынын маданий салттарын мамлекеттик уюмдашуунун жаны формасы – жарандык коом менен айкалыштыруунун эффективдүү формаларын табуу зарыл.

Маселе кыргыз коому Европа же АКШда болуу ордуна ээ болгондой коомдогу социалдык байланыштардын цивилизациялык формаларына дагы ээ боло электигинде турат. Негизи, дүйнө жүзүндө алар толук бүткөн жана колдонууга жарактуу формасында болушпайт. Коомдук байланыштардын цивилизациялык формалары жарандык сектордун мүчөлөрүнүн орнотуу процессинде калыптанышат. Кыргызстанда жаныдан гана социалдык мейкиндиктин негиздери түптөлүп келе жатат, анда ал ан-сезимдүү түрдө жамааттык процессти демократиялык нукка буруугa жана калыптандырууга жөндөмдүү келген чыныгы коомдук күч экендигин туюп-сезген жаны жаран калыптана алат. Муну менен чыныгы демократиянын руху менен маанайы адамдын өзүндө, анын дүйнө көз карашынын ичинде болуу керек экендигин түшүнүү абдан маанилүү.

Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун өзгөчөлүктөрү болуп мамлекеттик институттардын, баарынан мурда укуктун, бийлик түзүмдөрүнүн калыптануусунун уланып келе жаткан процесси эсептелет. Азырынча Кыргызстандын саясий системасында олуттуу маани бийликте турган инсанга берилет. Башка бир өзгөчөлүк болуп отурукташкан жана шаардык жашоого өтүүсүнөн кийин да кыргыздар узак мезгилдер бою көчмөндөр бойдон кала беришкен, түз маанисинде болбосо да менталдык маанисинде. Ошону менен бирге уруулук түзүлүштү сактап калышкан жана сактоосун улантышууда.

Мындай салттуу коомдо инсан көпчүлүк учурларда өзүн коомдон өзүнчө карабайт. Кыргызстандагы социалдык түзүлүшкө таасирин тийгизген башка дагы бир кырдаал - үй бүлө, анын ар бир үй бүлө мүчөсүнүн башка

жана жалпы эле үй бүлө үчүн  так иерахиялуулугу жана өз ара жоопкерчилиги.

Ошону менен бирге эркин демократиялык укуктук мамлекетти жана жарандык коомду адамдын жөн гана жеке эркиндиги  эмес, анын өнүгүүсүнүн ички жана сырткы мүмкүнчүлүктөрүнүн биримдиги катары түшүндүрүлгөн инсандык автономиянын шарттарында гана түзүүгө болот.

Параграфта белгиленгендей,  Кыргызстандагы советтик социалдык-саясий түзүлүштү алмаштыруунун олуттуу кесепеттеринен болуп  массанын ан-сезиминдеги мамлекеттик-патерналистик комплекстин негиздерин айныксыз жуу кетүү жана алардын чыныгы эркиндике жетүүсүндөгү менталдык ориентациясы эсептелет. Ушулар сыяктуу өзгөчөлүктөр фаталдык аргасыздык мүнөзүнө ээ болбостон, коомдун посттоталитардыктан жаны демократиялык түзүлүшкө өтүүсүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

Экинчи баптын **«Кыргызстандагы көз карандысыздык шарттарындагы жарандык коомдун калыптануусунун өзгөчөлүктөрү»** аттуу экинчи параграфында бүгүнкү күнү Кыргызстанда калыптанып жаткан социалдык түзүлүштүн тиби талдоого алынат.

Параграфта айтылгандай, көпчүлүк адистер үчүн азыркыга чейин заманбап Кыргызстанда кандай жарандык коом калыптанып жаткандыгы так эмес. Андыктан изилдөөчүлөрдүн  басымдуу бөлүгү жарандык коомдун бир гана либералдык-демократиялык, б.а. америкалык-европалык тибинин пайда болуусуна уруксат беришсе, анда алар Кыргызстандагы калыптанган кырдаалга баа берүү менен бул жердеги мындай коомдун түзүлүү мүмкүнчүлүгүнө күмөн саноону билдирет.

Ошону менен бирге, Кыргызстан менен Борбордук Азияда пайда болгон кырдаалга баа берүү таптакыр туура эмес. Бул жерде активдүү түрдө демократиялык кайра түзүүлөр болуп өтүп, терен жана олуттуу мүнөзгө ээ болушат. Коомдун экономикалык жана социалдык саясий жашоосунун парадигмасы алмашат. Ушуга байланыштуу жергиликтүү аналитиктер менен саясатчылар уламдан-улам  демократиялык, тагыраак айтканда – психологиянын, маданияттын, тарыхтын улуттук өзгөчөлүктөрүнө таянган евразиялык коомдун таптакыр жаны вариантын түзүү мүмкүнчүлүгү тууралсында кеп кылышууда.

Параграфта  «жарандык коомдун евразиялык тиби» түшүнүгүнүн айырмаланган белгилери каралат. Биринчиден, бул «социалдык карым-катнаштарды тескөөдөгү административдик аппараттын ролу  жөнүндө сөз болуучу мамлекет менен коомдун ортосундагы өзгөчө карым-катнаштар».

Экинчиден, мамлекеттин институттардын жарандык коомдун түзүмдүк элементтеринин калыптануусуна түздөн-түз катышуусу. Андыктан социалдык-укуктук көзөмөлдүн бардык начарлоосу коомдо анын негиз болуучу институттарын кыйратуучу деструктивдик процесстердин жөн гана пайда болуусун жөнгө салат.

Үчүнчүдөн, мамлекеттүүлүктүн евразиялык тибинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болуп бийликтин күчтүү вертикалын түзүү жана анын күч түзүмдөрүнүн функциялануусундагы байкалаарлык ролу эсептелет, аларсыз мамлекеттик башкаруу системасы өзүнүн эффективдүүлүгүн жоготот.

Төртүнчүдөн, дүйнөлүк түзүлүштүн «евразиялык» тиби бийликтин персонификациясы сыяктуу өзгөчөлүктөрдүн болуусун боолголойт.

Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөр Кыргызстанда салттуудан патриархалдуулуктун белгилери менен коомдун заманбап демократиялык, жарандык коомго өтүү процессин интенсифицирлештирүү зарылчылыгы тууралуундагы маалымат берип турат. Өлкөнүн саясий системасында лидерлик типтеги партиялардын үстөмдүк кылуусунан, о.э. өзүндө саясий дымактуулукту: авторитардуулукту, инсандын табынуусун ж.б камтыган терс кесепеттерден баш тартуу зарыл.

Бөлүмдө баса белгиленгендей, жарандык коомдун евразиялык тиби жеке, индивидуалдуулука караганда коомдукту, жамааттыкты биринчи планга коет. Бирок, адам бул жерде ага жогору баалоону, баарлашуу чөйрөсүн, жашоо образын өз алдынча аныктоого шарт түзгөн эрк эркиндигине ээ эмес. Коом дагы, мамлекет дагы кимдир-бирөөнү жамаатта же андан тышкары жашоого мажбурлоого укугу жок. Мындай эркиндиктин кепилдиги болуп бардык жарандык коом үчүн туруктуу каркасты түзгөн мамлекет тарабынан орнотулган жана коом аркылуу колдоого алынган адам менен жарандын укуктарынын системасы эсептелет.

Экинчи баптын **«Кыргызстандагы жарандык коом менен мамлекеттин бирдиктүү иш-аракеттеринин келечеги»** деген үчүнчү параграфында жарандык коомдун мамлекет менен болгон бирдиктүү иш-аракеттеринин негизги чөйрөлөрү жана анын өнүгүүсүнүн келечеги каралат.

Параграфта жарандык коомдун пайда болуусунун манызы – анын мүчөлөрүнүн жана элементтеринин ортосундагы ишенимди жана өз ара алмашууну камсыз кылуу тууралуундагы ой жүгүртүү калыпка салынат. Ал эми бул үчүн мамлекет менен болгон кызматташтык, анын демократиялык иш-аракеттерин колдоо, акыйкаттуу укуктук тартипти калыптандырууга катышуу зарыл. Ошентип, жарандык коом уламдан-улам саясий коомдун мүнөзүнө ээ болот, ал эми мамлекет өзүнүн эгемендүүлүгүн сактоо менен жарандык демилгелердин генератору катары социумдун жарандык

бүтүндүгүн камсыз кылат. Алардын функциялары тыгыз байланышкан, ким анын туруктуулугу үчүн жоопкерчиликтин негизги оордугун өзүнө алса – мамлекет же жарандык коом, акыр аягында, ал мааниге ээ эмес. Эн башкысы, экөө тен жалпы элдик болуп калган мыйзамдардын көпчүлүгү, рухий-нравалык нормалар, каада-салттар менен кабыл алынган элдин эрки болуп эсептелүүсү зарыл.

Бөлүмдө баса белгиленгендей, Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүсүнүн бирден-бир борбордук маселелеринен болуп анын мамлекет менен болгон туруктуу иш-аракети, коомдук жашоонун ар кыл чөйрөлөрүндөгү өнөктөштүк эсептелет. Анын үстүнө эгерде батыш европалык модел мамлекеттин функцияларынын кыскаруусун жана жарандык коомдун функцияларынын кенейүүсүн алдын алса, анда евразиялык модел мамлекет менен коомдун ролунун бир мезгилдик күчөтүлүшүнө багытталат, андыктан биринчи, экинчиси да – бул жарандардын ачык эле эмес, жеке кызыкчылыктардын жүзөгө ашырылуусунун жамааттык куралдары. Жеке кызыкчылыктарды четке каккан мамлекет социалдык катары каралышпайт, ал эми ачык кызыкчылыктарды жүзөгө ашырууга түздөн-түз катышуудан алыстатылган жарандык коом тукумдун бузулуусуна жана бөлүнүүсүнө дуушар болгон.

Мамлекет жогорку денгээлде бийликтик, мажбурлоочулук каражаттарды пайдаланса, ал эми коом болсо биринчи планга моралдык жана рухий-идеологиялык пландагы иш-чараларды алып чыгат. Аталган ыкмалардын биригүүсү мамлекеттик жана коомдук түзүмдөрдүн ортосундагы конструктивдүү диалогдун негизинде болуусу зарыл. Аталган пландагы маанилүү болуп мамлекеттик түзүмдөрдүн бийликтин өкүлчүлүк органдарында таасири бар саясий партиялар менен болгон диалогунун институтционалдашуусу эсептелет. Республикадагы саясий партиялардын калыптануу жана өнүгүү процесси интенсивдүү мүнөзгө ээ болуп, азыркы күнгө чейин уланууда.

Иште белгиленгендей, тилекке каршы, азырынча заманбап кыргыз коомунда өз өнүгүүсүнүн андан аркы келечеги туурасындагы так элестөө пайда болду, жарандык коом менен мамлекеттин институттарынын ортосундагы карым-катнаштар кандайча калыптанаары жөнүндө айтууга болбойт. Өлкөдө материалдык жана рухий жыргалчылыктарды бөлүштүрүүдөгү берекелүү турмуштун жана тенсиздиктин денгээлиндеги дайыма жогорулап туруучу бөлүнүүнүн фонундагы ички маселелердин өсүүсү байкалат.

Бирок белгилүү бир кыйынчылыктарга карабастан, маселе Кыргызстанда же дагы башка жерде коомдун реформасы мүмкүнбү же

мүмкүн эместигинде турат. Жообу албетте белгилүү: мүмкүн жана зарыл. Маселе кандай факторлор жана кандай денгээлде өлкөдөгү жаны социалдык-экономикалык жана саясий реалдуулука таасирин тийгизет? Адистердин пикиринде, бул жерде олуттуу маани толеранттуулук, полиэтникалуулук, маданий жана цивилизациялык аралык коммуникативдүүлүк сыяктуу кыргыз элинин касиеттерине берилет.

Жалпы жонунан, параграфта белгиленгендей, изилдөөчүлөр мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы өз ара карым-катнаштардын өнүгүүсүнү ыктымалдуу үч сценарийин карашкан.

Биринчиси – позитивдик, базарлык алакалардын, өсүп жаткан экономикалык жана социомаданий ааламдашуунунун таасири алдында өлкөдө акырындык менен патерналистик карым-катнаштардын ассимиляциясы, салттуу коомдун жарандык коомго трансформацияланышы, мамлекеттин демократиялык моделинин калыптануусу болуп өтөт.

Экинчиси – пессимистик. Окуялардын өнүгүүсүнүн аталган сценарийи базарлык карым-катнаштардын патерналистик менен биригип кетүүсүн, саясий-укуктук чөйрөдөгү салттуу көз караштардын күчөтүлүүсүн божмолдойт. Маданий жана этникалык өз алдынчалыкты сактоо шылтоосу менен авторитардык коомду түзүү мамлекеттик аппараттын андан аркы криминалдашуусу.

Учүнчүсү - инерциялык, өлкөдө кандайдыр-бир радикалдуу өзгөрүүлөрдүн болбоосу. Ал көпкө чейин сактала алабы, аны айтуу кыйын. Калыбы, азыркы учурда аталган мөөнөттүн узакка созулаары арсар. Акыр аягында, окуялар биринчи же экинчи сценарий боюнча өнүгүшөт.

Ошондуктан биздин коомдун бүгүнкү маанилүү милдети болуп калктын социалдык мобилдешүүсү эсептелет, качан жаран өзүн так эмгекчи эле эмес, демилгечи, өз иши үчүн жоопкерчиликтүү кожоюн кататыр туюп сезет. Ошону менен бирге өлкөнүн бүткүл социалдык өнүгүүсүнүн тездетилиши үчүн зарыл шарттарды түзүп берет.

Жогоруда айтылгандардын көпчүлүгү Кыргызстанда жүзөгө ашырылууда, бирок эркин жарандык карым-катнаштар даг эле бышып жетилген баскычына жете элек. Аталган процесске коомдун жашоосунун экономикалык жана социалдык-саясий шарттары карама-каршы турат. Ошондуктан жогорку типтеги демократияга өтүүсү эле эмес, болгон демократиялык институттарды коргоо, демократиялык ориентациянын тамыры, мамлекеттик жана коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн уюмдашуусу бардык жарандык коомдун жана алар аркылуу бириккен саясий күчтөрдүн маанилүү стратегиялык максаты болуусу зарыл.

**Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөнүн төмөнкүдөй жыйынтыктары алынды:**

Элдин тарыхый эс тутумунда жана анын Чыгышка эле эмес Батышка да болгон салттуу ачыктыгында негизделген «Евразиялык жарандык коом» концепциясы чындыгында эле жогорку деңгээлде заманбап Кыргызстан бетме-бет келген реалийлерге ылайык келет.

«Жарандык коомдун евразиялык тиби» түшүнүгүн аныктоо ар түрдүү мүнөзгө ээ боло алат. Биздин пикирибизде, анын мазмунунда бир катар спецификалык чектер таасын көрүнөт.

Биринчиден, бул көпчүлүк учурларда социалдык карым-катнаштарды тескөөдөгү административдик аппараттын ролу туурасында айтылган мамлекет менен коомдун ортосундагы спецификалык карым-катнаштар. Анын үсүтнө «батыш» менталитетинин көз карашында таза эле жарандык коомго таандык болгон чөйрөдө, б.а. көңүл борборунан жана мамлекеттик институттардын таасиринен тышкары турат. Тескерисинче, адамдар ортосундагы карым-катнаштар укуктук нормалар менен тескелүүсү зарыл болгон жердеги алардын олуттуу бөлүгү каада-салттардын, үрп-адаттардын ж.б.у.с. жардамы менен тескелет.

Экинчиден, мамлекеттин институттардын жарандык коомдун түзүмдүк элементтеринин калыптануусуна катышуусу. Акыркылары өз алдынча «төмөндөн» эле эмес, социалдык туруктуулукту сактоого жана өзүнүн «демократиялык» имиджин түзүүгө кызыкдар административдик түзүмдөрдүн жардамы менен да пайда боло алышат. Социалдык-укуктук көзөмөлдүн бардык начарлоосу коомдогу анын негиздөөчү институттарын кыйратуучу деструктивдик процесстердин пайда болуусун гана жөнгө салат.

Эки учурда тең кеп жарандык коомдун бүтүндүгүн жана уюшулуусун колдонууну жөнгө салууга, анын функцияланышуусунун процессинде пайда болгон карама-каршылыктар менен чыр-чатактарды чечүүгө милдеттендирилген мамлекеттик социалдык-укуктук көзөмөлдүн функциялары туурасында болууда.

Үчүнчүдөн, мамлекеттүүлүктүн евразиялык тибинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болуп бийликтин күчтүү вертикалынын түзүлүшү жана ансыз мамлекеттик башкаруу системасы өзүнүн эффективдүүлүгүн жоготуп коюучу функцияланышуусундагы күч курамдарынын олуттуу ролу эсептелет.

Башка мүнөздүү этникалык өзгөчөлүктөр менен катар евразиялык мейкиндикте саясий пассивдүүлүк, урматтоого жана инсандын табынуусун түзүүгө жакындык эсептелет; анда эркиндик жоопкерчилик менен эмес, эч нерсе менен чектелбеген, анархия жана зордук-зомбулук менен гана чектелген эрк менен айкалышат. Социалдык-укуктук көзөмөл күзөтүү,

системалаштыруу, жазалоо жана сыйлоо механизми менен чындыгында эле жарандык коомдун системалык элементи катары кызмат кыла алышат. Мындай методдорду колдонуу ченеми алардын максаттуулугу жана бардык социалдык системанын нормалдуу функцияланышуусундагы зарылчылыгы менен аныкталат.

Төртүнчүдөн, дүйнөлүк түзүлүштүн «евразиялык» тиби бийликтин персонификациясы сыяктуу өзгөчөлүктүн болуусун боолголойт. Жергиликтүү жамаатчылык жакынкы келечекте аталган феномендин көрүнүшүнөн кутула алат деп эсептөөгө азырынчы эч кандай негиз жок. Кыргызстанда патриархалдуулуктун таасын белгилери бар салттуулу коомдон жашоонун заманбап демократиялык түзүлүшүнө өтүү процессин интенсификациялоо зарыл. Бул республиканын коомдук жана саясий жашоосундагы өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүү зарылчылыгын боолголойт. Мисалы, Кыргызстандагы мамлекеттик бийлик жеке экономикалык кызыкчылыктарды канаттандыруу үчүн каражат катары каралбашы керек. Салттуу коомго таандык болгон мындай көрүнүштөр трайбализм жана непотизм катары өлкөнүн саясий жашоосунан анын ичинде көп партиялуулуктун негизинде мамлекеттик бийликтин парламенттик системасынын практикалык жүзөгө ашырылуусунун натыйжасында чыгарылып салынбашы абзел.

Өлкөнүн саясий системасында лидерлик типтеги партиялардын, андан тышкары алар авторитардуулукту, инсандын табынуусун ж.б божомолдошкон терс кесепеттердин үстөмдүгүнөн баш тартуу абзел.

Укук институтунун калыптануусун калкты негизсиз репрессиялардан коргоо жана жарандарга социалдык, саясий жана экономикалык максаттарга жетүүсүндөгү бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуунун эффективдүү куралы катары интенсификациялоо зарыл. Коомдун адамдын, жарандын укугу менен эркиндигин андап билүүсү өлкөнүн саясий системасынын өнүгүүсүнүн өзөктүү учуру болуусу керек.

Өлкөнүн өкмөтү тарабынан кабыл алынган чечимдердин эффективдүүлүгү эгерде өлкөнүн саясий элитасы партиялык тийштүүлүктөн көз карадысыз түрдө жогору турса, уруулук жана улуттук тийиштүүлүктөргө карабастан бардык жарандардын жалпы улуттук кызыкчылыктарынын корголуусунда жана приоритетин андап билүүдө жакындашуу мүнөзүнө ээ болуусу абзел.

Бул үчүн өлкөдөгү саясий институттардын, жергиликтүү жана мамлекеттик башкаруу органдарынын, саясий партиялардын, кыймылдардын ж.б.у.с. калыптануусундагы трайбализм менен улуттук өзүмчүлдүктүн көрүнүштөрүн чыгарып салуу зарыл.

Евразиялык формасындагы жарандык коомдун калыптануусу менен байланышкан милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик түзүмдөр мамлекеттик эмес уюмдар менен өнөктөштүктө социалдык-экономикалык карым-катнаштардын ааламдашуусу, полиэтникалык жана маданий аралык коммуникация сыяктуу цивилизациялык өнүгүүнүн социомаданий негиздерине көбүрөөк көңүл буруу керек.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**


1. Хайбулина Ф.Д. Проблемы образования современного Кыргызстана [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Общечеловеческое и национальное в философии. Сборник научных статей. Вып.II. –Бишкек: КРСУ, 2012.
2. Хайбулина Ф.Д. Социокультурные условия становления гражданского общества в Кыргызстане [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Общечеловеческое и национальное в философии. Сборник научных статей. Вып.III. – Бишкек: КРСУ, 2013.
3. Хайбулина Ф.Д. Социокультурные условия становления гражданского общества в Кыргызстане [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Гуманитарные проблемы современности. Выпуск 18, ч.2. –Б., 2013.
4. Хайбулина Ф.Д. Влияние маргинальных субъкультурных образований на динамику трансформации отечественной стратификации [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Общечеловеческое и национальное в философии. Сборник научных статей. Вып.III. –Бишкек: КРСУ, 2013.
5. Хайбулина Ф.Д. Влияние маргинализации социального пространства Кыргызской Республики на процесс политического менеджмента и возможные пути ликвидации проблем [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Приложение к журналу Вестник КРСУ. –Бишкек, 2013. Серия Журналистика. Политология.
6. Хайбулина Ф.Д. К вопросу о взаимодействии гражданского общества и государства в Кыргызстане [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Общечеловеческое и национальное в философии. Сборник научных статей. Вып.IV. –Бишкек: КРСУ, 2014.
7. Хайбулина Ф.Д. Взаимоотношения государства и личности в контексте формирования гражданского общества в Кыргызстане [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Гуманитарные проблемы современности. Сборник научных статей. Вып 19. – Бишкек, 2014.
8. Хайбулина Ф.Д. Некоторые национально-исторические предпосылки формирования гражданского общества в Кыргызстане [Текст]

Хайбулина Ф.Д. // Гуманитарные проблемы современности. Сборник научных статей. Вып 19. – Бишкек, 2014.

9. Хайбулина Ф.Д. НПО как основной инструмент гражданского общества [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Вестник НАН КР №2. –Бишкек, 2015.
10. Хайбулина Ф.Д. Значение институтов гражданского общества в процессах традиционной общественной модернизации [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Вестник КРСУ Том 15., № 6. –Бишкек, 2015.
11. Хайбулина Ф.Д. Социокультурные особенности и национально-исторические предпосылки формирования гражданского общества в Кыргызстане [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Редакция журнала публичных публикаций аспирантов и докторантов (РИНЦ). - Курск, 2016.
12. Хайбулина Ф.Д. Взаимоотношения государства и личности в контексте формирования гражданского общества в Кыргызстане [Текст] Хайбулина Ф.Д. // Сборник статей международной научной конференции «Научные исследования» -М., 2016 // Образование, общество, право. Россия, Москва, 15-16 января 2016 (РИНЦ, Science Index).

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Хайбулиной Флюры Дамировны на тему: «Социокультурные особенности формирования гражданского общества в Кыргызстане», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия**


**Ключевые слова:** гражданское общество, социокультурные особенности, евразийство, традиционная культура, государство, политическая культура, демократия.

**Объектом исследования** является совокупный опыта строительства демократических институтов в Кыргызстане, где закладываются основы гражданского общества евразийского типа, п**редметом исследования** выступают национальные, социально-психологические и культурно-исторические особенности формирования гражданского общества в Кыргызстане.

**Целью диссертационной работы** является анализ теоретико-методологических и социокультурных аспектов формирования гражданского общества, его традиций и перспектив развития в Кыргызстане.

**Методологической основой диссертации** являются диалектический метод познания, системный метод исследования, структурно-функциональный и сравнительный анализ различных этапов развития гражданского общества, институциональный подход.

В исследовании теоретико-методологических аспектов формирования гражданского общества широко применялись казуальный и типологический методы, а также формы культурологического и социально-психологического анализа.

**Научная новизна** исследования связана с самой постановкой проблемы анализа социокультурных особенностей реально развивающегося процесса формирования гражданского общества в Кыргызстане.

- предпринята попытка раскрыть сущность формируемого гражданского общества в Кыргызстане, особенности данного процесса, определяемые транзитным состоянием его социально-политической системы,

-раскрыта роль социально-правового контроля в обеспечении социального равновесия в ходе формирования гражданского общества в Кыргызстане;

-обосновано положение о том, что в современной кыргызской действительности формируется новая парадигма соотношения личности, государства и права, в рамках которой трансформируется система их приоритетов;

-выявлено, что эффективность формирования элементов гражданского общества в Кыргызстане определяется соответствием данного процесса национально-историческим и социо-культурным условиям их формирования и развития;

-определено, что евразийский тип гражданского общества как форма проявления коллективистского устройства социума, придающего частному интересу общественно значимый характер, является наиболее адекватным для Кыргызстана.

**Рекомендации по использованию. М**атериалы исследования могут быть использованы при подготовке спецкурсов по проблемам формирования гражданского общества, чтении лекций и проведении семинарских занятий в вузах по политологии, социальной философии, а так же проблемам права и государства.

**Область применения.** Итоги исследования могут быть применены органами государственного управления в процессе разработки политико-правовых актов, направленных на дальнейшую демократизацию и консолидацию общества в Кыргызстане при формировании институтов гражданского общества.

**Хайбулина Флюра Дамировнанын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун социомаданий өзгөчөлүктөрү» аттуу диссертациясына**

**РЕЗЮМЕ**

**Негизги сөздөр:** жарандык коом, соцомаданий өзгөчөлүктөр, евразиялык, салттуу маданият, мамлекет, саясий маданият, демократия.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп евразиялык типтеги жарандык коомдун негиздери түптөлгөн Кыргызстандагы демократиялык институттардын түзүлүүсүнүн жыйындуу тажрыйбасы эсептелет, ал эми изилдөөнүн **предмети** катары Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун улуттук, социалдык-психологиялык жана маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрү кызмат кылат.

**Изилдөөнүн максаты** болуп жарандык коомдун калыптануусунун теоретикалык-методологиялык жана социомаданий аспектилеринин, анын Кыргызстандагы салттарынын жана өнүгүүсүнүн келечегинин анализи эсептелет.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** катары таанымдын диалектикалык методу, изилдөөнүн системалык методу, жарандык коомдун өнүгүүсүнүн ар кыл этаптарынын түзүмдүк-функционалдык жана салыштырмалуу анализи, институционалдык ыкмасы эсептелет.

Изилдөөдө жарандык коомдун калыптануусунун теоретикалык-методологиялык аспектилерин изилдөөдө казуалдык жана типологиялык методдор, андан тышкары маданият таануучулук жана социалдык-психологиялык анализдин формалары кенири колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун реалдуу өнүккөн процессисинин социомаданий өзгөчөлүктөрүн анализге алуу маселесинин өзүн кабыргасынан коюу менен байланышкан.

-Кыргызстандагы калыптанган жарандык коомдун манызын, анын тарыхый жана социомаданий тажрыйбасы менен аныкталуучу аталган процесстин өзгөчөлүктөрүн ачып берүү аракет көрүлгөн;

-жарандык коомдун евразиялык тиби  жеке менчике коомдук маанилүү мүнөз берип,Кыргызстан үчүн кыйла активдүү болуп эсептелген социумдун жамааттык түзүлүшүнүн көрүнүшүнүн формасы катары аныкталды;

-алкагында алардын приоритеттеринин системасы трансформацияланган заманбап кыргыз саясий реалдуулугунда инсандын, мамлекеттин жана укуктун карым-катнаштарынын жаны парадигмасы калыптанат деген жобо негизделди;

-Кыргызстандагы салттуу психологиянын үстөмдүк кылуу шарттарындагы жарандык коомдун калыптануусунун жүрүшүндөгү социалдык тен салмактуулукту камсыз кылуусундагы социалдык-укуктук көзөмөлдүн ролу ачылып берилди;

-Кыргызстандагы жарандык коом институттарынын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү алардын кыргыздардын жашоо ишмердүүлүгүнүн улуттук-тарыхый жана социомаданий шарттарынын ылайык келүүсү менен аныкталат.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Изилдөөнүн материалдары жарандык коомдун калыптануу маселелери боюнча атайын курстарды даярдоодо, саясат таануу, социалдык философия жана о.э. укук, мамлекет маселелери боюнча лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө колдонулуусу ыктымал.

**Колдонуу чөйрөсү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы коомду андан ары демократиялаштырууга жана жакындаштырууга багытталган саясий-укуктук актыларды иштеп чыгуу процессинде колдонулушу ыктымал.

SUMMARY

**Thesis Khaibullino Flura of Damirovna on the theme: «socio-cultural characteristics of civil society formation in Kyrgyzstan» presented on competition of a scientific degree of candidate of philosophical Sciences, specialty 09.00.11. – social philosophy.**

**Key words:** civil society, social and cultural features, Eurasianism, traditional culture, state, political culture, democracy.

**The object of study** is the cumulative experience of building democratic institutions in Kyrgyzstan, which laid the foundations of civil society Eurasian type, the subject of the study are the national, socio-psychological and cultural-historical features of formation of civil society in Kyrgyzstan.

**The aim of the** thesis is the analysis of theoretical-methodological and socio-cultural aspects of formation of civil society, its traditions and prospects of development in Kyrgyzstan.

**The methodological** basis of the thesis are dialectical method of cognition, systemic research method, structural-functional and comparative analysis of the different stages of civil society development, institutional approach.

**The study theoretical** and methodological aspects of formation of civil society was widely used for casual and typological methods, and forms of cultural and socio-psychological analysis.

**Scientific novelty of research** is connected with the problem statement of analysing socio-cultural features is really a developing process of civil society formation in Kyrgyzstan.

- attempt to discover the essence of forming of civil society in Kyrgyzstan, the process defined by transit as its socio-political system,

-the role of socio-legal control in ensuring social balance during the course of formation of civil society in Kyrgyzstan;

-it is proved that in modern Kyrgyz reality, a new paradigm of the relationship between the individual, state and law, in which transformirovalsya system of priorities;

-it is revealed that the efficiency of formation of civil society in Kyrgyzstan is determined by the process of national-historical and socio-cultural conditions of their formation and development;

-determined that the Eurasian type of civil society as a form of manifestation of the collectivist society the device, lending to the private interests of public significance is the most appropriate for Kyrgyzstan.

**Recommendations for the use.** The research materials can be used in the preparation of special courses on problems of formation of civil society, lecturing and conducting seminars in the universities on political science, social philosophy, and issues of law and state.

**Scope.** The results of the study can be applied by public administration bodies in the process of development of political-legal acts, aimed at further democratization and consolidation of society in Kyrgyzstan in the formation of civil society institutions.